# Валюта рыногу

*(2013-жылдын январь-март айлары)*

**1-график. Накталай эмес АКШ долларыны коммерциялык банктарына таза агылып кирүүсү (агылып чыгуусу) (млн. АКШ доллары)**




**2-график. Банктар аралык валюта тооруктарынын жана АКШ доллар курсунун динамикасы**




2013-жылдын январь-март айларында алмашуу курсунун динамикасынын өзгөрүлмөлүүлүгү орун алгандыгына карабастан, АКШ доллары жалпы алганда бир мезгил ичинде 1,2 пайызга кымбаттап, өз позициясын бекемдөөнү уланткан (2012-жылдын 1-чейрегинде курс 0,7 пайызга жогорулаган эле). Атап айтканда өткөн жылдын акырында белгиленген, АКШ долларынын алмашуу курсунун орточо өсүш тенденциясынын сакталышы январь айында байкалган. Ай бою курстун өзгөрүү динамикасы ар башка багытта түптөлгөн, бирок ар бир декада сайын өсүш арымынын бара-бара тездеши белгиленген, анын натыйжасында валютанын наркы 1 АКШ долларына 47,7696 сомго чейин (+0,8 пайызга) өскөн. 2012-жылдын жай мезгилинен тартып биринчи жолу февраль айында алмашуу курсу 1 АКШ долларына 47,5676 сомго чейин төмөндөгөн. Мында, курстун төмөндөөсүнүн негизги этабы айдын экинчи жарымына туура келген, бул мезгил ичинде ушул убакка чейин кымбаттап келген доллардын наркы 0,7 пайызга чейин кескин нарксызданган. Бирок март айында, банктар аралык валюта рыногунда нак эмес валютаны сатып алуу – сатуу көлөмүнүн айлык көрсөткүчүнүн көбөйүшү катары валютага суроо-талаптын өсүшүнүн таасири астында, АКШ доллары 0,8 пайызга, 47,9610 сомго чейин кайра кымбаттаган.

Рыноктун ири катышуучулары тарабынан валютага карата мурдагыдай эле жогорку суроо-талаптын рыноктук теңдемин колдоо, банктардын конвертациялык операцияларынын, тартылган депозиттеринин, ошондой эле өлкөгө келип түшкөн

акча которууларынын натыйжасында алынган каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылган (1-график). Мурдагыдай эле, импорттун сомдун курсуна басымын ооздуктаган жеке адамдардын чек ара аркылуу кириш акча которууларынын көлөмү 2012-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 11,8 пайызга өсүп, 351,2 млн. АКШ долларын түзгөн[1].

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү 67,4 млрд. сом өлчөмдө түптөлүп, 2012-жылдын октябрь-декабрь айларындагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 20,3 пайызга азайган. Коммерциялык банктардын нак операциялар сегментиндеги иш жигердүүлүгүнүн 22,1 пайызга, сандык мааниде алганда 45,2 млрд. сомго чейин төмөндөшү негизги себептен болгон. Коммерциялык банктардын нак эмес операцияларынын көлөмү 12,2 млрд. сомго чейин азайган, бул өткөн чейректин ушул эле көрсөткүчүнөн 19,8 пайызга төмөн. Алмашуу бюролорунун операцияларынын көлөмү 11,3 пайызга төмөндөп, 10,1 млрд. сом өлчөмүндө түптөлгөн.

Банктар аралык валюта тооруктарынын чогуу алгандагы жүгүртүүсү өткөн чейректин көрсөткүчүнө салыштырмалуу 246,8 млн. АКШ долларына чейин (-13,5 пайызга) коммерциялык банктар ортосундагы бүтүмдөр көлөмүнүн азайышынын эсебинен төмөндөгөн (бүтүмдөрдүн көлөмү жылдык эсептөөдө тескерисинче 23,5 пайызга жогорулаган). Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк интервенцияларды жүргүзгөн эмес (2-график).

2013-жылдын январь-март айларында Улуттук банк коммерциялык банктар менен СВОП-операцияларды ишке ашырган эмес.

Валюталардын негизги түрлөрү боюнча алып карасак, алардын бардык негизги түрлөрү боюнча ишке ашырылган операциялар көлөмүнүн төмөндөөсү байкалган. Мында, ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүндөгү валюталардын үлүштүк катышы төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн: АКШ долларында операциялардын салыштырма салмагы 0,9 пайыздык пунктка, 60,5 пайызга чейин; евродо – 0,3 пайыздык пунктка, 3,5 пайызга чейин; орус рублисинде – 0,8 пайыздык пунктка, 28,1 пайызга чейин жогорулаган. Казак теңгесиндеги операциялардын үлүшү чейрек ичинде 2,0 пайыздык пунктка төмөндөө менен 7,9 пайызды
түзгөн.

**3-график. Коммерциялык банктарда нак жана нак эмес АКШ долларынын курсунун динамикасы**




[1] Таза агылып кирүү боюнча маалыматтар.

**4-график. Алмашуу бюролорунда АКШ долларынын курсунун динамикасы**




** графиктеги ажырымдар бүтүмдөрдүн жоктугу менен шартталган*

**5-график. Алмаштыруу бюролорундагы валюта курстарынын жана АКШ долларынын дүйнөлүк рынокторундагы өсүш арымдарынын динамикасы**




**1-таблица. Операциялардын түрлөрү боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквивалентте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | Жалпы операциялардын көлөмү | Комм. банктардын накталай | | Комм. банктардын | | Алмаштыруу бюролордун | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) |
| Январь '2012 | 16,603.8 | 3,735.1 | 22.5 | 10,272.7 | 61.9 | 2,596.0 | 15.6 |
| Февраль | 17,006.6 | 2,779.5 | 16.3 | 11,123.2 | 65.4 | 3,103.9 | 18.3 |
| Март | 19,121.0 | 3,583.7 | 18.7 | 12,287.9 | 64.3 | 3,249.3 | 17.0 |
| Апрель | 20,350.6 | 3,357.6 | 16.5 | 13,811.8 | 67.9 | 3,181.1 | 15.6 |
| Май | 22,178.7 | 4,749.7 | 21.4 | 14,164.9 | 63.9 | 3,264.1 | 14.7 |
| Июнь | 21,816.2 | 3,649.6 | 16.7 | 14,943.6 | 68.5 | 3,223.1 | 14.8 |
| Июль | 26,251.1 | 4,816.3 | 18.4 | 17,906.6 | 68.2 | 3,528.2 | 13.4 |
| Август | 27,886.3 | 5,568.0 | 20.0 | 18,670.4 | 67.0 | 3,647.9 | 13.1 |
| Сентябрь | 26,294.6 | 5,115.6 | 19.5 | 17,689.1 | 67.3 | 3,489.9 | 13.3 |
| Октябрь | 29,651.0 | 6,215.6 | 21.0 | 19,649.2 | 66.3 | 3,786.2 | 12.8 |
| Ноябрь | 28,722.7 | 5,018.0 | 17.5 | 19,820.7 | 69.0 | 3,884.0 | 13.5 |
| Декабрь | 26,180.1 | 3,958.3 | 15.1 | 18,549.8 | 70.9 | 3,672.1 | 14.0 |
| Январь'2013 | 22,335.6 | 3,330.8 | 14.9 | 15,850.9 | 71.0 | 3,153.8 | 14.1 |
| Февраль | 21,941.7 | 3,886.7 | 17.7 | 14,684.9 | 66.9 | 3,370.1 | 15.4 |
| Март | 23,135.9 | 4,960.9 | 21.4 | 14,642.8 | 63.3 | 3,532.2 | 15.3 |

**2-таблица. Валюталар боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквиваленте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | Жалпы операциялардын көлөмү | АКШ доллары | | Евро | | Орус рубли | | Казак теңгеси | | Жана башкалар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | көлөм | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш |
| Январь'2012 | 16,603.8 | 10,613.6 | 63.9 | 804.8 | 4.8 | 3,840.3 | 23.1 | 1,340.1 | 8.1 | 5.1 | 0.0 |
| Февраль | 17,006.6 | 9,995.9 | 58.8 | 799.3 | 4.7 | 4,612.5 | 27.1 | 1,593.0 | 9.4 | 5.9 | 0.0 |
| Март | 19,121.0 | 11,570.1 | 60.5 | 738.8 | 3.9 | 5,208.2 | 27.2 | 1,597.7 | 8.4 | 6.1 | 0.0 |
| Апрель | 20,350.6 | 11,828.5 | 58.1 | 851.6 | 4.2 | 6,054.5 | 29.8 | 1,609.5 | 7.9 | 6.5 | 0.0 |
| Май | 22,178.7 | 13,619.2 | 61.4 | 763.8 | 3.4 | 5,899.4 | 26.6 | 1,887.6 | 8.5 | 8.7 | 0.0 |
| Июнь | 21,816.2 | 12,853.2 | 58.9 | 725.5 | 3.3 | 5,871.4 | 26.9 | 2,354.9 | 10.8 | 11.2 | 0.1 |
| Июль | 26,251.1 | 15,332.9 | 58.4 | 852.5 | 3.2 | 7,261.0 | 27.7 | 2,789.6 | 10.6 | 15.1 | 0.1 |
| Август | 27,886.3 | 16,310.4 | 58.5 | 783.4 | 2.8 | 7,674.5 | 27.5 | 3,109.5 | 11.2 | 8.4 | 0.0 |
| Сентябрь | 26,294.6 | 15,579.2 | 59.2 | 895.6 | 3.4 | 7,392.4 | 28.1 | 2,417.6 | 9.2 | 9.8 | 0.0 |
| Октябрь | 29,651.0 | 17,967.8 | 60.6 | 1,011.8 | 3.4 | 7,754.5 | 26.2 | 2,906.2 | 9.8 | 10.8 | 0.0 |
| Ноябрь | 28,722.7 | 17,122.7 | 59.6 | 931.1 | 3.2 | 7,595.5 | 26.4 | 3,065.3 | 10.7 | 8.0 | 0.0 |
| Декабрь | 26,180.1 | 15,270.4 | 58.3 | 799.9 | 3.1 | 7,780.8 | 29.7 | 2,322.7 | 8.9 | 6.3 | 0.0 |
| Январь'2013 | 22,335.6 | 13,317.6 | 59.6 | 763.0 | 3.4 | 6,716.9 | 30.1 | 1,532.3 | 6.9 | 5.8 | 0.0 |
| Февраль | 21,941.7 | 13,266.5 | 60.5 | 778.9 | 3.6 | 6,338.3 | 28.9 | 1,551.9 | 7.1 | 6.1 | 0.0 |
| Март | 23,135.9 | 14,183.3 | 61.3 | 840.9 | 3.6 | 5,893.0 | 25.5 | 2,210.0 | 9.6 | 8.7 | 0.0 |

**3-таблица. Четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | Айдын акырына карата эсептик курс | | | | Бир ай ичинде эсептик курстун четтөөсү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| Январь' 2012 | 46.7757 | 61.4773 | 1.5405 | 0.3148 | 0.6% | 2.4% | 6.7% | 0.5% |
| Февраль | 46.4900 | 62.4547 | 1.6059 | 0.3149 | -0.6% | 1.6% | 4.2% | 0.0% |
| Март | 46.8275 | 62.4819 | 1.5967 | 0.3169 | 0.7% | 0.0% | -0.6% | 0.6% |
| Апрель | 46.8494 | 62.0428 | 1.5960 | 0.3169 | 0.0% | -0.7% | 0.0% | 0.0% |
| Май | 46.9352 | 58.4085 | 1.4463 | 0.3173 | 0.2% | -5.9% | -9.4% | 0.1% |
| Июнь | 47.2445 | 59.4241 | 1.4396 | 0.3162 | 0.7% | 1.7% | -0.5% | -0.4% |
| Июль | 47.1487 | 57.7998 | 1.4640 | 0.3143 | -0.2% | -2.7% | 1.7% | -0.6% |
| Август | 46.0274 | 57.8127 | 1.4341 | 0.3081 | -2.4% | 0.0% | -2.0% | -2.0% |
| Сентябрь | 47.1484 | 61.0289 | 1.5250 | 0.3146 | 2.4% | 5.6% | 6.3% | 2.1% |
| Октябрь | 47.1513 | 60.9838 | 1.4952 | 0.3129 | 0.0% | -0.1% | -2.0% | -0.6% |
| Ноябрь | 47.2578 | 61.3170 | 1.5217 | 0.3140 | 0.3% | 0.5% | 1.8% | 0.4% |
| Декабрь | 47.4012 | 62.6573 | 1.5607 | 0.3145 | 0.3% | 2.2% | 2.6% | 0.2% |
| Январь'2013 | 47.7696 | 64.5105 | 1.5909 | 0.3167 | 0.8% | 3.0% | 1.9% | 0.7% |
| Февраль | 47.5676 | 62.2279 | 1.5535 | 0.3162 | -0.4% | -3.5% | -2.3% | -0.2% |
| Март | 47.9610 | 61.4884 | 1.5430 | 0.3180 | 0.8% | -1.2% | -0.7% | 0.6% |

**4-таблица. Алмашуу бюролорунда четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | Бир ай ичиндеги орточо маржа | | | | Валюталарды сатуу курсунун орточо | | | | Бир ай ичинде валюталарды сатуу курсунун | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| Январь' 2012 | 0.3% | 0.5% | 0.9% | 0.7% | 0.0% | 0.3% | 0.3% | 0.1% | -0.3% | 1.8% | 6.6% | 0.3% |
| Февраль | 0.3% | 0.5% | 1.0% | 0.7% | 0.1% | 0.1% | 0.3% | 0.1% | -0.3% | 1.7% | 3.7% | 0.2% |
| Март | 0.3% | 0.6% | 0.8% | 0.7% | 0.1% | 0.3% | 0.3% | 0.1% | 0.0% | 0.4% | 0.6% | -0.1% |
| Апрель | 0.2% | 0.5% | 0.6% | 0.7% | 0.0% | 0.1% | 0.2% | 0.1% | 0.4% | -0.6% | -1.1% | 0.1% |
| Май | 0.3% | 0.5% | 0.8% | 0.7% | 0.1% | 0.2% | 0.4% | 0.1% | 0.4% | -5.2% | -9.3% | 0.4% |
| Июнь | 0.3% | 0.6% | 0.8% | 0.7% | 0.0% | 0.2% | 0.4% | 0.1% | 0.6% | 1.1% | -1.0% | -0.2% |
| Июль | 0.2% | 0.5% | 0.7% | 0.7% | 0.0% | 0.2% | 0.3% | 0.1% | 0.2% | -2.6% | 1.9% | -0.1% |
| Август | 0.3% | 0.5% | 0.8% | 0.5% | 0.1% | 0.2% | 0.2% | 0.2% | -1.2% | 0.3% | -1.0% | -2.0% |
| Сентябрь | 0.3% | 0.5% | 0.6% | 1.0% | 0.1% | 0.2% | 0.4% | 0.2% | 0.8% | 4.9% | 4.8% | 1.3% |
| Октябрь | 0.2% | 0.4% | 0.6% | 0.7% | 0.0% | 0.1% | 0.2% | 0.1% | 0.4% | 0.6% | -0.2% | -0.2% |
| Ноябрь | 0.2% | 0.4% | 0.7% | 0.7% | 0.0% | 0.1% | 0.1% | 0.1% | 0.3% | 0.3% | 1.5% | 0.4% |
| Декабрь | 0.2% | 0.4% | 0.6% | 0.7% | 0.0% | 0.1% | 0.2% | 0.1% | 0.1% | 0.9% | 0.7% | -0.5% |
| Январь'2013 | 0.2% | 0.4% | 0.6% | 0.6% | 0.0% | 0.2% | 0.2% | 0.1% | 0.7% | 4.3% | 3.6% | 1.4% |
| Февраль | 0.2% | 0.5% | 0.6% | 0.7% | 0.1% | 0.1% | 0.1% | 0.1% | -0.3% | -2.9% | -1.8% | 0.0% |
| Март | 0.2% | 0.5% | 0.6% | 0.7% | 0.0% | 0.1% | 0.2% | 0.1% | 0.6% | -1.5% | -1.1% | 0.4% |